**ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛГЕ БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**

**РЕСПУБЛИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БОРБОРУ**

**ФИЛОЛОГИЯ ПРЕДМЕТИНИН БЛОК МОДУЛУ БОЮНЧА ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКЕМЕЛЕРИ ҮЧҮН ОКУУ ПРОГРАММАСЫ**

**XI КЛАСС**

# АДАБИЯТ

**ТАШКЕНТ -2020**

## ТҮШҮНҮК КАТ

Адабият таалиминин негизги максат жана милдеттери окуучулардын көз карашын, ой жүгүртүүсүн кеңейтүү жана аң-сезимин жогорулатууда, сөз өнөрүнө, Мекенге, улуттук каада-салт жана бай руханиятыбызга болгон мээрим, урмат-сый, махабат рухунда тарбиялоо болуп саналат.

Башкы максаттан келип чыккан абалда адабият окуу предметинин алдына коюлган максат төмөнкүлөрдөн турат:

өзүнүн пикирин оозеки жана жазма түрдө туура жана так баяндаган, китепти сүйүүчүлүк маданияты калыптанган, өз алдынча жана чыгармачыл ой жүгүртө алган, башкалардын пикирин аңдап түшүнө турган – карым-катыш жана кеп маданияты өнүккөн адамды жетилтүү;

улуттук, ошондой эле дүйнөлүк адабияттын сейрек үлгүлөрүн окутуу аркылуу окуучулардын руханий-ахлактык жан дүйнөсү, адабий-эстетикалык сезимин калыптандыруу, ошондой эле аларда өз алдынча ой жүгүртүү, образдуу ойлоого карата билим, көнүкмө, тажрыйбаларды пайда кылуу жана өнүктүрүү;

адабият предмети негизинен өз ичине география, тарых, кыргыз тили, педагогика-психология, логика, этика, тил маданияты жана стилистика предметтерин өз ичине камтыйт;

окуучуларды көркөм адабиятка кызыктыруу, чыгармаларды үйрөтүү жараянында аалам жана инсан мүнөзү, улуттук, жалпы инсандык баалуулуктар, ошондой эле китепти сүйүүчүлүк маданиятын калыптандыруу аркылуу окуучулардын руханиятын, көз карашын кеңейтирип, бышыктап баруу;

окуучуну ой жүгүртүүгө, башкалардын пикирин түшүнүүгө, өзүнүн оюн оозеки жана жазма түрдө сабаттуу баяндоого каратылган кептик компетентцияны өнүктүрүү;

жазма кепте жогорку сабаттуулук, адабий тил нормаларына көңүл буруу, стилдик көркөмдүктөн пайдалана алуу жана предметтин мазмунунан

келип чыккан абалда окуучуларда таяныч компетентцияларды калыптандыруудан турат.

Республикабызда окумуштуу Б. Блумдун таксаномиясы, “Кейс стади”ге негизделген окутуу технологиясы, тест технологиясы, “Бумеранг”, “3х4”, “БББ”, квест-сабактар, электрондуқ-виртуалдык сабақтар,аралыктан окутуу ж.б сыяктуу заман талабына ылайык системаларды колдонуу усулдары аркылуу окуучуларга жогорку деңгээлде билим берүү бүгүнкү күндүн талабы болуп саналат. Окутуу технологиялары көптөгөн педагогикалык инновациялык иш тажрибалар, автордук мектептер менен биргеликте мугалимдердин көйгөйлөрүн талдоону жана системалаштырууну талап кылат.

Аталган окуу программасы 2018–2019-окуу жылында 11-класс,2019–2020-окуу жылында 8-9-класстар,2020–2021-окуу жылында 5-класс,2022–2023-окуу жылында 6-7-10-класстарда баскычма-баскыч иш жүзүнө ашгырылат.

Жалпы орто билим берүүчү мектептеринин 5-11-класстарынын ар биринде жыл боюнча:Адабият 5-класста – **68** саат,6-класста – **68** саат,7-класста –**68** саат,8-класста –**68** саат, 9-класста – **102**, 10-класста – **68** саат, 11-класста –**68** саат окутулат.

## XI КЛАСС
## АДАБИЯТ (68 саат )

**Окуучулардын окуу аракеттери натыйжаларына коюла турган талаптар:**

Байыркы түркий классикалык эгемендүүлүк адабиятын айырмалай алат.

Чыгарманын өзгөчөлүктөрүн талдай алат жана өз пикирин билдире алат.

Ырдын сүрөттөлүшүндөгү образдарды ажыратат;

Үйрөнүлгөн чыгармалардын негизинде эркин жана чыгармачылык дил баяндар жаза алат.

**Киришүү.** Адабият жана анын турмуштагы орду

**( 1 саат)**

**Көөнө түрк доорунун адабияты. "Авесто"**

**( 6 саат)**

**"**Авестонун" энциклопедиялык мааниге ээ ыйык китеп экендиги.

Чыгармада дүйнөлүк илим, философия, руханият жана маданият боюнча 30 кылым илгерки ой жүгүртүүлөрдүн комплекси жыйналгандыгы. Зардушт жөнүндө маалымат. Чыгарманын "Жакшы ой, жакшы сөз жана жакшы амал" дүйнөнү да, адамды да кооздойт деген түшүнүктүн мааниси.Коркут ата китеби –түркий тектеш элдердин тарыхый турмуш тиричилигин баяндаган көркөм чыгарма. "Дерсе кан уулу Букаш тууралуу ыр", "Үйсүн-Кожо уулу Секрек тууралуу ыр", Сырткы огуздардын ички огуздарга каршы чыгышы жана "Бамшы-Бейректин өлүмү жөнүндө ыр" Насреддин Рабгузи. "Кысас ул анбия" чыгармасы "Кысас ул анбия" чыгармасы жөнүндө маалыматтар. "Кысас ул анбия" – жалпы түрк элдерине түшүнүктүү чагатай тилинде жазылган. Чыгармада кара сөз жана ыр айкашкандыгы. Анын пайгамбарлар жөнүндөгү баяндардан түзүлгөндүгү. Чыгармада "Куран" сюжеттери жана хадистер идеяларынын чыгармачыл улантылышы. Чыгармага эл оозеки чыгармачылыгынын таасири. Чыгарманын тематикасы.

Ахмат Югнакинин өмүрү жана чыгармачылыгы. Ахмат Югнакижөнүндөгү маалыматтар. Анын "Акыйкат сыры" дастаны жөнүндө.

**1960-1990 - жылдардагы кыргыз адабияты**

**( 37 саат)**

XX кылымдын 1960-1990-жылдарындагы кыргыз адабиятынын өнүгүүсүн эки учурга бөлүп каралган. 1-мезгил 1960-1985-жылдар. 2-мезгил 1985-1991 жылдар. Ошол мезгилдердеги кыргыз прозасы, поэзиясы, драматургиясы жөнүндө берилген.Түгөлбай Сыдыкбековдун өмүрү жана

чыгармачылык жолу

Жазуучунун балалык жылдары. Алгачкы чыгармачылык кадам. “Тоо арасында” романы жөнүндө . Сапарбайдын образы. Саадаттын образы. Адабият теориясынан. Көркөм тип жөнүндө түшүнүк. Ч.Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы. Чыңгыз Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы менен терең тааныштыруу. Алгачкы чыгармалары. Ар бир чыгармасына кыскача обзор берүү. Дүйнөлүк адабий чөйрөсүндөгү орду жөнүндө.Адабият теориясынан. Салт жана жаңычылык. Повесттердеги лиризм жана психологизм жөнүндө теориялык кеңири маалыматтар. Салт жана жаңычылык жөнүндөгү теориялык маалыматтар.“Делбирим” - армандуу махабат ыры. Ч.Айтматовдун “Делбирим” повести жөнүндө. Чыгарманын темасы жана идеялык мазмуну. Анын сюжети. Андагы каармандар. Повесттеги трагедиялуу тагдырлар.“Гүлсарат” повести. Ч.Айтматовдун “Гүлсарат” повести. Анын сюжети, каармандарына талдоо. “Гүлсарат” повести адилеттүүлүктү, адамдын ыйык наамын, кыйроонун наркы менен келген жеңишти даңазалаган чыгарма.”Кылым карытар бир күн ” романы негизги идеялык-тематикалык мазмуну.Образдар системасы.”Кыямат” романы.Романдын көркөмдүүлүк жагы.Узакбай Абдукаимовдун өмүрү жана чыгармачылыгы.

Узакбай Абдукаимовдун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө кеңири маалымат.Майдан” романы. Адабият теориясынан. Көркөм чыгарманын стили. Психологиялык роман.Узакбай Абдукаимовдун “Майдан” романы. “Майдан” романы кыргыз адабиятында психологиялык романдардын катарына кирген чыгарма.Адабият теориясынан. Көркөм чыгарманын стили. Психологиялык роман жөнүндө түшүнүк.Төлөгөн Касымбековдун өмүрү жана чыгармачылыгы .Кыргыз эл жазуучусу Төлөгөн Касымбековдун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө кеңири маалымат.“Сынган кылыч” романы

Төлөгөн Касымбековдун “Сынган кылыч” романы кыргыз адабиятында сейрек кездешкен, оригиналдуу жана орошон чыгармалардын бири.Байдылда Сарногоевдин өмүрү жана чыгармачылыгы.Байдылда

Сарногоевдин өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө кеңири маалымат.“Ашуудан берген отчётум” жыйнагы. Байдылда Сарногоевдин “Ашуудан берген отчётум” жыйнагы жөнүндө кеңири маалымат жана анда камтылган ырлардын идеялык мазмуну, поэтикасы жөнүндө.Токтоболот Абдумомуновдун өмүрү жана чыгармачылыгы

Токтоболот Абдумомуновдун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө кеңири маалымат.“Абийир кечирбейт” драмасы Токтоболот Абдумомуновдун “Абийир кечирбейт” драмасы. Анын идеялык мазмуну. Каармандарына талдоо.Насирдин Байтемировдун өмүрү жана чыгармачылыгы. “Сонундар дүйнөсү” романы.Насирдин Байтемировдун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө кеңири маалымат.“Сонундар дүйнөсү” романы. Анын идеялык мазмуну, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү

## Манастаануу

**(5 саат)**

“Манас” эпосунун кыргыз элинин турмушунан алган тарыхый орду жана анын бүгүнкү күндөгү мааниси.“Манас” эпосун эл оозунан жыйноонун тарыхы.“Манас” эпосунун кагаз бетине түшүшү. Ч.Валиханов жана В.Радловдордун эпостун жыйноо иштер.Манасчылар Сагымбай Орозбаков жана Саякбай Каралаевдерден жазып алынышы.Улуу эпостун жарыяланыш тарыхы. Чокон Валиханов жана Манас.Эпостун изилдениш тарыхы. Орус казак окумуштуулары тарабынан изилдениши. “Манас” эпосунун Манастын урпактары тарабынан изилдениши.

## Боордош элдер адабиятынан

**(5 саат).**

Абдулла Кадирийдин өмүрү жана чыгармачылыгы. “Өткөн күндөр” романы.

Абдулла Кадирийдин “Өткөн күндөр” романынын идеялык мазмуну, чыгарманын сюжети, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү.Мухтар Ауэзовдун өмүрү

жана чыгармачылыгы. “Абай” романы. Мухтар Ауэзовдун“Абай” романынын идеялык мазмуну, чыгарманын сюжети, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү

**Дүйнөлүк адабияттан**

**(2 саат )**

И.А.Крылов “Карышкыр менен козу” М.Ю.Лермонтовдун ырлары “Жалгыздык”, “Туткун”, “Желкеме”

Өз алдынча окулган чыгармаларды талкуулоо – 2 саат

Кайталоо –2 саат

Текшерүү иши – 8 саат

**Адабият курсун тематикалык пландаштыруу**

| № | Бөлүмдөр аты | Сааттар саны | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **жалпы** | **теориялык** | **Практикалык** |
| 1 | Киришүү | 1 | | |
| 4 | Көөнө түрк доорунун адабияты. “Авесто” | 6 | 1 | |
| 5 | 1960-1990 - жылдардагы кыргыз адабияты | 37 | 4 | |
| 6 | Манастануу | 5 | 1 | |
| 7 | Боордош элдер адабиятынан | 5 | 1 | |
| 8 | Дүйнөлүк адабияттан | 2 | 1 | |
| 9 | Өз алдынча окулган чыгармаларды талкылоо | 2 | | |
| 10 | Кайталоо | 2 | | |
| 11 | Текшерүү иши | 8 | | |
| | **Жалпы** | 68 | 8 | |

**Пайдаланылган жана пайдаланууга сунушталып жаткан адабияттар:**

1. O‘zbekiston Respublikasining 1997 yil 29 avgustdagi “Ta'lim to‘g‘risida”gi qonuni.

2. O‘zbekiston Respublikasining 1997 yil 29 avgustdagi “Kadrlar tayyorlash milliy dasturi”.

3. O‘zbekiston Respublikasi Vazirlar Mahkamasining 2017 yil 15 martdagi “Umumiy o‘rta ta’lim to‘g‘risidagi Nizomni tasdiqlash haqida”gi 140-sonli qarori.

4. O‘zbekiston Respublikasi Vazirlar Mahkamasining 2017 yil 6 apreldagi “Umumiy o‘rta ta’lim va o‘rta maxsus, kasb-hunar ta’limining davlat ta’lim standartlarini tasdiqlash to‘g‘risida” gi 187-son qarori.

5.Абдуллаев .Э.Исаев.Д. Кыргыз орфографиясынын эрежелери, Б.2013.

6. Адабиятты окутуунун методикасы. Иманалиев К. ж.б. Б. 2016.

7.Абдылбаев.Э. “Манас”эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары,Б.1996

8.Бекбоев .И. Тимофеев.А.И. Сабактын оптималдуу вариантын даярдап өткөрүүнүн методикасы,Б. 2010

9.Жигитов.С.Акындын эки өмүрү.Б.1998

10. Закиров.С. Кыргыз элинин макал – лакаптары,Б.1998